1,5

Мурзабек Балбаков атындагы орто мектеби сапаттуу билим берүүгө жеткиликтүүлүктү кеңейтүү, окуу жана билим берүүчү технологияларынын мазмунун жаңыртуу, ресурстарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу максатында Кыргыз республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин Мамлекеттик Билим берүү стандарттык жобосун, Кыргыз республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жыл 15-ноябрындагы №590 токтомунун негизинде, мамлекеттик стандарттын негизинде компетенттүүлүк эске алынып, предметтик стандарт, негизги стандарт, окуу пландары, программалар менен билим берилип келет.

Август педагогикалык кеңешинде педагогикалык жамааттын 1-жылдык ишине анализ берилип, жаңы окуу жылына мектептин иш-планы бекитилет. Иш план жетекчиликке алынып, калган мектеп структурасындагы бөлүмдө өз иш пландарын бекитип, иш алып барышат.

Республиканын мектептик билим берүү системасына предметтик стандарттарды баскычтуу киргизүү боюнча иш – чаралардын планына ылайык милдеттердин, максаттардын негизинде иш алып барууда. Мектеп негизги компетентүүлүктөдүн тизмесин сабактарга колдонуу менен аларга жетүүнүн деңгээлин, билим берүү тутумунун денгээлинде мектептин класстын жана айрым окуучулардын билиминин натыйжаларына баа берүү менен билим берүүдөгү уюштурууга жана методикалык өзгөртүүлөрдү киргизип келет.

Мугалимдин өз кесиби боюнча чеберчилигин баалоо үчүн декадаларды уюштуруу, класстан тышкаркы иш-чарасын, ачык сабагына катышуу менен ишке ашат. Мугалимдин методикалык чеберчилигине анализ берилип, токтомдор жазылып, методикалык бирикмелерде талкууланып, түрткү берүүчү айлык акыда эске алынат. Мугалимдер предмети боюнча окутуунун оптималдуу варианттарын жана интерактивдүү усулдарын пайдалануу менен сабак беришет. Сабактагы мультимедиалык каражаттардын кеңири колдонуусу учурдагы заманбап талаптар менен шайкеш келип окуучулардын сабакка болгон кызыгуулары артты. Мугалим ар бир сабактын планына максаттарды так коюп, сабак күтүлүүчү натыйжаны так берип, сабактын структурасын туура коюп, сабактын этаптарында компетентүүлүктөр аныкталып, баалоонун түрлөрү, кайтарым байланыш өндүү түшүнүктөр менен сабактын өзөктүү маанилүүлүгүн аныкташты. Окутуунун негизги компетентүүлүктөрүн колдонуу билим берүү процессинин түзүмүн мазмунун уюштурулушун толугу менен өзгөртө алды. Сабакта биринчи кезекте окуучунун кызыкчылыгы, шыгы жана жөндөмдүүлүгү эске алынып предметтик компетентүүлүкө ээ болуу менен окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктердин топтому түзүлдү.

Мугалимдердин ишин баалоо, пландоо, уюштуруу, ошондой эле билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун абалына мониторинг иштеринин жыйынтыгы алгылыктуу.Онлайн окутуу учурунда мугалимдер үзгүлтүксүз билим беришти жана бардык мугалимдер технологияны эркин колдоно алышат.

| **акыркы беш жыл ичинде курстан өткөн мугалимдер** | **16** |
|---|---|
| 2018 | - |
| 2019 | - |

| | |
|---|---|
| 2020 | 8 |
| 2021 | 6 |
| 2022 | 2 |

Ар бир чейректин жыйынтыгы менен окуучулардын жетишкендиктери боюнча предметтик мугалимдердин сабактары боюнча мониторинг жүргүзүлүп, жогорку-төмөн билим сапаттагы класстар аныкталат. Класс жетекчилердин отчетунун жыйынтыгы менен класстардын жетишкендиктери каралат. Класстардын, окуучулардын жетишкендиктеринин негизинде (билим сапаты төмөн, билим сапаты жогору, баалоо системасы туура эмес) педагогикалык кеңеште чечимдер чыгып, алдыга иштер пландалып, уюштуруу иштери башталат.

Акыркы 3 жыл ичинде мектептин жетишкендиктери төмөнкүдөй:

**1.Башталгыч мектеп 1-4-класстар**

| Окуу жылы | Өздөштүрүү % | Билим сапаты % |
|---|---|---|
| 2019-2020-ж.ж. | 100% | 67% |
| 2020-2021-ж.ж. | 100% | 65% |
| 2021-2022-ж.ж | 100% | 51% |

**2.Негизги мектеп 5-9-класстар**

| Окуу жылы | Өздөштүрүү % | Билим сапаты % |
|---|---|---|
| 2019-2020-жж | 100% | 51% |

| | | |
|---|---|---|
| 2020-2021 -жж | 100% | 55% |
| 2021-2022-жж | 100% | 59% |

**3.Орто мектеп 10-11-класстар**

| Окуу жылы | Өздөштүрүү % | Билим сапаты % |
|---|---|---|
| 2019-2020-жж | 100% | 47% |
| 2020-2021 -жж | 100% | 48% |
| 2021-2022-жж | 100% | 45% |

**3. Мектеп боюнча жалпы маалымат**

| Окуу жылы | Өздөштүрүү % | Билим сапаты % |
|---|---|---|
| 2019-2020-жж | 100% | 55% |
| 2020-2021 -жж | 100% | 56% |
| 2021-2022-жж | 100% | 52% |

**Акыркы 3 жыл ичинде олимпиадага катышуусу боюнча маалымат**

| № | **Республикалык олимпиада** | 2019/2020-окуу жылы (алган орду) | 2020/2021-окуу жылы (алган орду) | 2021/2022-окуу жылы (алган орду) |
|---|---|---|---|---|

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **1** | Информатика | | **3** | - |

| **№** | ***Областтык олимпиада*** | 2019/2020-окуу жылы (алган орду) | 2020/2021-окуу жылы (алган орду) | 2021/2022-окуу жылы (алган орду) |
|---|---|---|---|---|
| **1** | Информатика | - | 3 | **3** |

| **№** | ***Райондук олимпиада*** | 2019/2020-окуу жылы (алган орду) | 2020/2021-окуу жылы (алган орду) | 2021/2022-окуу жылы (алган орду) |
|---|---|---|---|---|
| **1** | Биология | | 3 | 2 |
| **2** | Информатика | | 1 | 1 |

**ЖРТнын салыштыруу мониторинги.**

ЖРТгө бүтүрүүчүлөрдү даярдоо боюнча талыкпай, үзгүлтүксүз иш алып баруу жагы биздин мектептин негизги маселелеринин бири. Окуучуларды тестирлөөгө даярдоодо болгон мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу менен мектеп менен жогорку окуу жайлары менен байланыш түзүү азыркы күндүн бирден бир талабы

| ***Акыркы 3 жылга карата маалыматы*** | ***2019/2020-окуу жылы*** | ***2020/2021-окуу жылы*** | ***2021/2022-окуу жылы*** |
|---|---|---|---|
| ЖРТга катышкан бүтүрүүчүлөрдүн катышы | **8** | **7** | *10* |
| Билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрүнүн | 130 | 182 | *174* |

| | | | |
|---|---|---|---|
| орточо көрсөткүчү | | | |
| ЖРТда 110 баллдан жогору балл алган окуучулардын катышы | 63% | 57% | 72% |

| *Акыркы 3 жылга карата маалыматы* | *2019/2020-окуу жылы* | *2020/2021-окуу жылы* | *2021/2022-окуу жылы* |
|---|---|---|---|
| Озгочо күбөлүк алган окуучу | - | - | 2 |
| Алтын тамга | - | - | - |

Мурзабек Балбаков атындагы орто мектебинин окуучулары райондук турда олимпиадада 1 окуучу 1-орунду жана 2-орунду дагы бир окуучу камсыз кылып, областтык, Республикалык турларда 3-орунду Рустам уулу Али- информатикадан, 2-орунду райондук турдан Муктарбек кызы Бактыгүл биологиядан камсыз кылган.

"Санарип мугалим -2021" конкурсуна эки мугалим катышкан.Алар башталгыч класстын мугалими Рыспаева Медина жана математика мугалими Токолова Чынара. Рыспаева Медина төш белги, саат жана грамота менен сыйланса Токолова Чынара Ардак грамота жана кол саат менен сыйланып келишкен.

**Мектептеги коомдук иштер ар кыл темада өткөрүлөт.Аларды коомдук уюмдар "Ак тилек балдар өспүрүмдөр"** уюму жана "Назик" кыздар уюму негизги планына ылайык иш алып барышат. Ар бир даталуу күндөрдө кече, тегерек стол, жолугушуу кечелерин,дебат ,"Балдардын сынагына сынбайсынбы" ,тамашоуларды өтүшүп,жыйынтыгында баалуу белектер,сыйлыктар,грамоталар менен баалашат.

2021-2022-окуу жылына республиканын билим берүү уюмдарынын окуучулардын жана жаштардын арасында укук бузууларды жана кылмыштуулукту алдын алуу боюнча буйругуна ылайык мектепте "Алдын алуу кеңешинин курамы түзүлүп, иш план иштелип чыккан. Өспүрүмдөр арасында кылмыштуулукту, зордук зомбулукту жана суициdди алдын алуу максатында ата-энелер чогулуштары өткөрүлүп турат. Атайын түзүлгөн комиссия,ата-энелер комитети, ИДНдин инспектору жана мектеп администрациясы менен биргеликте кылмыштуулукту алдын алуу боюнча ай сайын отурумдар өз убагында өткөрүлүп турат. Кылмыштуулукту алдын алуу жана болтурбоо максатында атайын иш план түзүлүп,

ар кандай отурумдар, түнкү рейддер жүргүзүлөт. Кылмыштуулукту алдын алуу боюнча стенттер уюшулган.Өспүрүмдөр арасында кылмыштуулукту алдын алуу боюнча класс жетекчилер соцпедагог менен бирдикте профилактикалык иш – чараларды уюштурушат жана класстык сааттар жана линейкалар өткөрүлүп турат. Балдарга ырайымсыз мамилени бири-бирин опузалоо, зомбулук фактыларын алдын алуу максатында “Ишеним кутучасы» уюшулган. “Ишеним кутучасы” уюштуруучу жана соцпедагог тарабынан көзөмөлгө алынып, атайын түзүлгөн комиссия менен акт түзүлүп, алынган кайрылуулар менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турат. Укук бузуулардын жана кылмыштуулукту алдын алуу боюнча оозеки сурамжылоо жана анкета алынып, байкоо жүргүзүлүп турат жана ыкчам байланыш телефондору түзүлгөн.